ОшМУнун STEM инновациялык колледжинин информациялык-коммуникациялык дисциплиналар циклынын кезектеги ачык сабагынын
**№ 2 протоколу**

*Өтүлгөн күнү: 28.11.2023*
*Ош шаары*
*Отурумдун төрагасы – К. Шакиров*
*Отурумдун катчысы – Жумабек кызы Г*
***Катышкандар:*** *ИКД циклынын башчысы К.Шакиров, мүчөлөрү:*
*Информатциялык технологиялар бөлүмүнүн башчысы А. Саттаров,*
*STEMдин метод кеңешинин төрайымы: Садыкбекова А*
*Билим берүү сапаты жана лицензиялоо департаментинин кызматкери Г.Омурзакова*

**Күн тартиби:**

1. ИКД циклынын окутуучусу Кыргызбаева Бегимайдын АСс9-3-23 тайпасына Адистикке киришүү предметинен «Компьютердик тармак. Компьютердик тармактын топологиясы» деген темада практикалык ачык сабагы каралсын.

**1.УГУЛДУ:**

ИКД циклынын окутуучусу Кыргызбаева Бегимайдын Адистикке киришүү предметинен « Компьютердик тармак. Компьютердик тармактын топологиясы » деген темада ачык лабораториялык сабагын өттү.

Сабактын жүрүшүндө алгач студенттер менен саламдашуу менен баштап студенттердин көңүлүн буруу жана жагымдуу психологиялык, физикалык чөйрөнү түздү. Өтүлгөн тапшырманы сурап бышыктоо үчүн *https://quizizz.com* программасын пайдаланды. Практикалык сабактын планын аныктап алган соң, "Focusky" программасынан түзүлгөн слайддан сабактын максатын студенттер менен чогуу аныктап алышты. Андан соң проектор аркылуу лабораториялык сабакты көргөзүп берди, студенттерден ар түрдүү деңгээлдеги жоопторду ала алды. Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн "https://wordwall.net/ru" программасынын жардамында тесттерди аткарышты. Сабактын жыйынтыгында студенттердин активдүү катышкандарды, жетишкендиктерин баалап, үй тапшырмасы берилип, сабакка катышкандар жоктолду.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**К. Шакиров: -** Анализди баштоодон мурун бүгүнкү сабакты өткөн окутуучунун өзүнө сөз берсек.

**Б. Кыргызбаева:** - Бүгүнкү ачык сабак өз максатына жетти деп ойлойм. Студенттердин толук катышып берүүсүда да жакшы болду. Убакытты туура пайдаланганы аракет кылдым. Убактыңыздарды бөлүп келип бергениңиздер үчүн барыңыздарга чоң рахмат! Сунуш – пикирлериңиздерди күтөм.

***STEM инновациялык колледжинин информациялык – коммуникациялык дисциплиналар циклынын бөлүм башчысы:*** **Саттаров А.**

Окутуучу сабакты уюштуруу баскычтарынын ырааттуулугун сактап мурдагы жана кийинки темалардын, ошондой эле предметтер аралык байланышын эске алды сабакта таркатма материалдар кеңири берилип билим берүүчү, өнүктүрүүчү жана тарбия берүүчү милдеттери аткарылды. Бүгүнку сабак жогорку деңгээлде өтүлдү максатына жетти деп эсептейбиз.

**STEM инновациялык колледжинин информациялык – коммуникациялык дисциплиналар циклдык комициянын төрагасы: Шакиров К.**

Студенттер үчүн жагымдуу эмоционалдык маанай түзүлүп жуптарда жана топтордо иштөө кызыктуу деңгээлде өттү. Окутуучу сабакты уюштуруу баскычтарынын ырааттуулугун сактап, мурдагы жана кийинки темалардын, ошондой эле предметтер аралык байланышын эске алды сүлөө диксиясы эң жакшы бүгүнкү сабак максатына жетти деп эсептеймин.

***STEMдин метод кеңешинин төрайымы: Садыкбекова А.***

Окутуучунун студенттер менен болгон мамилеси жакшы экендигин айтууга болот. Анткени сабакта студенттер өзүн эркин сезип, суроолорго жооп берүүдө топтор менен иштеп, документке ылайык сүрөттөрдү жасашты. Сабактын иштелмесинде көрсөтүлгүн пландар аткарылды. Окутуучу сабак учурунда бир нече интерактивдүү методдорду колдонду. Сабак максатына жетти.

**Билим берүү сапаты жана лицензиялоо департаментинин кызматкери: Г.Омурзакова.**

Сабак практикалык жактан көрүнүп турду, студенттердин жалпы жана кесиптик комптенциялары так көрсөтүлгөн. Жандуу сабак өтүлдү сабак өз убагында башталып өз убагында аяктады. Окутуучу бир нече ыкмаларды колдонуу менен студенттердин активдүүлүгүн кызыгуусун артыра алды. Сүйлөөнүн тактыгы жана ачык түшүнүктүүлүгү көрүнүп турду. Темада көрсөтүлгөн суроолор боюнча жакшы талкуу жүрүп сабактын максат милдеттерин, структурасын, мазмунун салыштыруу менен талдай алышты, сабактын жүрүшү азыркы учурдагы билим берүүнүн талаптарына ылайык жумушчу программага дал келет, талапка жооп берет.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**ЧЕЧИМ:** Ачык сабакка катышкан окутуучулардын пикирин угуп жана талкуулап, төмөндөгүдөй чечим кылат: Информациялык-коммуникациялык дисциплиналар циклынын окутуучусу Кыргызбаева Б. “Компьютердик тармак. Компьютердик тармактын топологиясы” темасы боюнча өткөн ачык сабагы жакшы деңгээлде өтүлүп, максатына жетти деп эсептелсин.

Төрага: К.Шакиров

Катчы: Жумабек кызы Г